Кимде-ким шейит болууну чын жүрөктөн суранса, Аллах Таала аны ал төшөгүндө жатып өлсө да аны шейиттердин даражасына көтөрөт

Сахл бин Хунайф (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким шейит болууну чын жүрөктөн суранса, Аллах Таала аны ал төшөгүндө жатып өлсө да аны шейиттердин даражасына көтөрөт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким Аллах жолунда шейит болуп өлүүнү Аллахка чын ыкласы менен ниет кылса, Аллах Таала анын чын ниети үчүн эгер ал төшөгүндө жатып өлсө да шейиттердин даражасын берерин айткан.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3157